| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧҮЙ ОБЛУСУ**<br>**АЛАМҮДҮН РАЙОНУ**<br>**ВАСИЛЬЕВКА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН**<br>**ВАСИЛЬЕВСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ №1**

«17» 01 2024 жылы                    Виноградное а.

**Васильевка айылдык Кеңешинин сессиясынын жыйналышынын**

**ТОКТОМУ №1**

**«Васильевка айыл аймагынын 2024-жылга жергиликтүү бюджетти жана 2025-2026-жылдарга бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолун бекитүү».**

1.2024-жылга Кыргыз Республикасынын Каржы Министирлиги тарабынан келген контролдук бюджетти Васильевка айылдык Кенеши тарабынан бекитилсин.

2. 2024-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн бюджети 14279,5 миң сом суммасында (атайын каражаттарды жана тендеме каражатты кошкондо) бекитилсин:

- бюджет 11643,0 миң сом;
- атайын каражаттар 2300,0 миң сом.
-Тендеме каражат 336,5 мин сом

3. 2024-жылга атайын каражаттарды жана тендеме каражатты эсепке алуу менен 14279,5 миң сом суммасында киреше No 1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

4. 2025-2026-жылдарга бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолу бекитилсин. № 2 тиркемеге ылайык.

5. Бюджеттин чыгаша бөлүгү атайын каражаттарды жана тендеме каражатты эске алуу менен 14279,5 миң сом суммасында No 3 тиркемеге ылайык бекитилсилсин

6. Айыл өкмөтүнүн 2023-жылга бюджетинин аткарылышы боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгү боюнча отчет кабыл алынсын.

7. 2024-жылга бюджеттин жүгүртүүдөгү кассалык калдыктары 10,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

8. Айыл өкмөтүнүн 2024-жылга бюджетинин чыгаша бөлүгүн каржылоо корголгон беренелер боюнча (эмгек акы, соцфондго чегерүү, тамак-аш, коммуналдык кызматтар) көрсөтүлгөн тартипте, ал эми иш жүзүндө алынган кирешелердин чегинде жүргүзүлө тургандыгы белгиленсин.

9.Өндүрүштүк зарылчылыкка байланыштуу айыл өкмөтүнүн башчысына ассигнованиелерди чыгаша статьяларынын ортосунда, ошондой эле чыгашалардын негизги топтору, чакан топтору боюнча жалпы чыгымдардын чегинде кыскартпастан кайра бөлүштүрүү укугу берилсин.

10. 2024-жылга Васильев айыл өкмөтүнүн аппаратынын, айылдык Кеңешинин, турак жай-коммуналдык чарбанын, китепкананын штаттык саны No 4, 5, 6, тиркемеге ылайык бекитилсин.

11. Бала бакчанын тарбияланууучуларынын тамак-ашынын өлчөмү ар бир балага барган күнү 18 сомдон айыл өкмөтүнүн бюджетинен бекитилсин.

12. 01/01/2024 эркин балансты бекитүү. негизги эсеп боюнча 14,7 миң сом, атайын эсеп боюнча 388,9 миң сом жана No 7 тиркемеге ылайык бөлүштүрүлсүн.

13. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Кушчубаевге жүктөлсүн.

**Васильевка айылдык**

**Кеңештин төрагасы** **И.С.Шарафидинов**